**УДК 373.3**

**УРАИМОВ К.М.**
*ЖАМУнун доценти, п.и.к.*
*Uraimov72@mail.ru*

# БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДАГЫ ЖАЗУУ ЖУМУШТАРЫНЫН ПРОФЕССОР К. САРТБАЕВДИН ЭМГЕКТЕРИНДЕ ИЗИЛДЕНИШИ

**УРАИМОВ К.М.**
*к.п.н., доцент ЖАГУ*

# ПИСЬМЕННЫХ РАБОТ В НАЧАЛЬНОЙ ШКОЛЕ ИССЛЕДОВАНИЯ В РАБОТАХ ПРОФЕССОРА К. САРТБАЕВА

**URAIMOV K.M.**
*Candidate of pedagogical sciences, associate professor of JASU*

# OF WRITING WORKS IN PRIMARY SCHOOLS RESEARCH IN THE WORKS OF PROFESSOR K. SARTBAEV

*Аннотация:* Башталгыч класстардагы кеп ишмердүүлүгү, окуу жана жазуу ишмердүүлүгү алардын учурдагы көйгөйлүү маселелери жөнүндө сөз болот. Ошондой эле жазуу жумуштарын жүргүзүүнүн технологиялары жана алардын профессор К. Сартбаевдин эмгектеринде изилдениши жөнүндөгү маселелер каралган.

*Түйүндүү сөздөр:* жазуу, башталгыч класстардагы жазуу жумуштары, профессор К. Сартбаев, жазууга үйрөтүү ыкмалары.

*Аннотация:* Речевая деятельность, чтение и письмо в начальных классах будут сосредоточены на их текущих проблемах. Также технология письма и их профессора К. Сартбаева затрагивает исследовательские вопросы.

*Ключевые слова:* письмо, письмо начальной школы, профессор К. Сартбаев, методика обучения письму.

*Annotation*: Speech activities, reading and writing activities in the primary grades will focus on their current problems. Also, the technology of writing and their professor K. Sartbaev's work addresses issues of research.

*Keywords:* writing, elementary school writing, Professor K. Sartbaev, methods of teaching writing.

Кеп ишмердүүлүгү баланын окуу жана жазуу ишмердүүлүгүн өз ичине камтыйт. Андай болгон соң башталгыч класстарда окутуу, үйрөтүү жумуштарынын башаты да бул алардын окуу жана жазуу боюнча сабатын ачуу болуп эсептелери эбак эле аныкталган.

Башталгыч класста алган жазуу боюнча билими окуучунун андан аркы жазуу-сызуу иштеринде жазуу боюнча билимин так жана туура пайдалануусуна өбөлгө түзүп, окуучунун окуудагы ийгилигине түздөн-түз таасир этет. Бул жөнүндө профессор С. Рысбаев да: "Башталгыч мектептеги окутуу балада окуу, жазуу билгичтигин үйрөтүү менен өзгөчөлөнөт. Өмүр бою үзгүлтүксүз билим алуу үчүн адамга окуу жана жазуу билгичтиги эң зарыл керектүү сапаттардын бири болуп эсептелет. Башталгыч мектеп жалпы билим берүүчү мектептин пайдубалын түзөт" – деген оюн бөлүшүп кетет [6, 2013. 08.02.]

Башталгыч мектепте адамдын мүнөзүн, акылы жана адептик сапаттарын, коомдогу жүрүм-турумун аныктоочу жөндөмү жана касиеттери түптөлүп калыптанат. Мына ошондой жеке керт башына тиешелүү өзгөчөлөнгөн сапаттардын бири - бул жазуу сабаттуулугунун калыптанышы.

Ушул багытта окуучулардын окууга жана жазууга болгон иш-аракетин жөнгө салууда педагогикалык-психологиялык маселелерге кайрылууга туура келет. Учурда мурдагыга караганда окуучулардын жазууга болгон кызыгуусу төмөндөп, кол тамгасынын сулуулугу, жазуу монерасы өтө начарлап кеткендигин байкоого болот. Буга алардын кадимкидей калем кармап табигый жазуу ишмердүүлүгүнө эмес замандын агымына карап компьютерге, аудиовизуалдык каражаттарга көбүрөөк көңүл буруп, убакыт коротуп жаткандыктарын байкоо кыйын эмес. Буга чейинки калемсаптардын ордун компьютер жана кол телефондорунун баскычтары ээлеп калды. Мына ушундай маселелерди жөнгө салуу үчүн башталгыч класстарда жазуу жумуштары кандай болуп келген жана мындан ары кандай болуш керек экендигин талдоого алып карап көрөлү.

"Жазуу" дегенде эле окуучулардын кайсыдыр бир сөздү жазып жаткан иш-аракети жана жазууга карата жөндөмдүүлүгү көзгө тартылат. Деги эле жазуу жөнүнө эмне билебиз. Анда жазуу жөнүндө токтоло кетели. «Жазуу» деген термин «графика» деген мааниде колдонулат, б. а. сөздөгү тыбыштар менен жазуудагы тамгалардын байланышы, ошондой эле аларды жазуудагы процесстин өзү. Бул жөнүндө профессор С. Ибраимов "Тил илиминин негиздери" деген эмгегинде Жазуу – бул кептин мүнөздөлүшү же атайын белгилер менен белгиленишин айтып келип, анын кептин тигил же бул элементин туюнтуучу графикалык белгилердин атайын белгиленген тамгалардын элементтеринин жана сүрөттөрдүн жардамы аркылуу ишке ашарын баса белгилейт.

«Каллиграфия» менен «графика» мааниси жактан жакын түшүнүктөр. Бири – тамгалардын сүрөтүн тартуу, экинчиси ошол тамгаларды туура, так, сулуу жазуу. Мына ушул жазуу технологиясында эске алуучу маселелер бар. Окуучулар тамгаларды жазууда алардын туурасын, узунун, жантаюсун, аралыктарын бузуп жазышат, бул каллиграфиялык ката болуп эсептелет. Тамганы бузуп жазуу манжалардын туура эмес кыймылынан, калем сапты, туура эмес кармагандан, дептердин партанын үстүндө туура эмес жатышынан жана окуучунун отургучта туура эмес олтурганынан болот. Ошондуктан жаздырганда тамгаларды жана анын элементтерин так жазууга биринчи күндөн тарта көндүрүш керек. Кайсы элди албайлы, бардыгынын тең жазуусу бар. Алар бири-биринен өзгөчөлөнгөн туруктуу белгилери, түрдүү элементтерге ээ тамгалары, бирдей формасы менен айырмаланган өзүнчө системаны түзөт. Жазуу белгилердин формасына карата эмес, маанисине, кептин кайсыл элементтеринин белги аркылуу туюнтулуп жатканына карата түшүндүрүлөт. [2, 43]

Бул багытта бүгүнкү күндө постерлер менен иштөө сунушталып жатат. Ал деген баланын тамгалардын элементтерин заттарга окшотуп өз алдынча элестетүү менен кабыл

алып иштөөсү.

Айрым практик мугалимдер баланын сабаттуу жазуусунун себептерин алардын окуу ишмердүүлүгүнө көбүрөөк көңүл буруу зарылдыгын белгилешет. Анткени жазуу ишинин натыйжасы көбүрөөк окууга да байланыштуу экендигин практика көрсөтүп келет.

Башталгыч класстардагы жазуу жумуштары кеп өстүрүү жумуштарына караганда бир топ татаал процесс экендиги талашсыз. Эми гана жазуу көндүмдөрүнө ээ болуп жаткан окуучунун жазуу процессиндеги психологиялык өзгөчөлүктөрүнө, ошондой эле дидактиканын негизги жоболоруна ылайык балдарды жазууга үйрөтүүнүн методикасына тиешелүү белгилүү талаптар келип чыгат. Мындай белгилүү талаптарды өз илимий изилдөөлөрүндө кеңири чагылдырган профессор К. Сартбаев жазууга үйрөтүүнүн системалуулугу жана жөнөкөйдөн татаалга өтүүнүн ырааттуулугу эн башкы маселе деп эсептейт. Ушуга ылайык таза жазуунун программасынын көрсөтүүсү боюнча тамгаларды жазууну үйрөнүү, алфавит тартиби боюнча эмес, тамгалардын жазылыш кыйындыгынын даражасы боюнча белгилүү иреттүүлүк менен өтүлүшүн талап кылат. [7, 117-129]

Окумуштуунун бул оюн кубаттаган З. Элмуратова “Алипеден кийинки мезгилде окуучулардын жазуу ишмердүүлүгүн өнүктүрүүнүн методдору” деген макаласында жазууга үйрөнүү убагында бала ар түрдүү көп эрежелерди билүүгө тийиш болгондуктан, балдарды жазуунун татаал процесстерин үйрөнүүгө даярдай турган көнүгүүлөрдү системалуу түрдө жүргүзүү зарыл маселелерден экендигин белгилеп кетет. [9, 111-115]

Жазуу ишмердүүлүгүнүн татаал процесс экендигине өз мезгилинде орус окумуштуусу К. Д. Ушинский да кайдыгер карабаган. Ал алдын-ала жүргүзүлүүчү жазууга карата даярдык көнүгүүлөрүнүн өзгөчөлүгү кийинки улам татаал түзүмгө ээ болгон тамганын элементтерин жазууга болгон алгачкы даярдык экендигин баса белгилеген.

Башталгыч класстарда жазуу ишмердүүлүгүн жөнгө салуу боюнча буга чейин эле бир топ окумуштуулар изилдеп келишкен. Алсак, М. Жаныбаев, Ж. Мукамбаев, С. Нааматов, С. Турусбеков, Э.Бердибаев, Б.Рысбекова, К.Сартбаев, Ж.Энтериев, З. Маразыкова, С. Рысбаев, С. Сакиева, орус методисти В.В.Воропкова жана башкалар. Окуучунун жазуу сабаттуулугун илимий-теориялык жактан изилдешкен. Алардан өзгөчөлөнүп М. Жаныбаев “Таза жазууга көнүгүүлөр” 1-3-кл. окуучулары үчүн, (Фрунзе, 1953) Э.Бердибаев, Б.Рысбекова, С. Турусбеков жана К.Сартбаев “Башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуунун методикасы” (Фрунзе, 1965-ж.), Э.Бердибаев, Б.Рысбекова жана К.Сартбаев “Башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуунун методикасы” (Фрунзе, 1978-ж.), Б.Рысбекова “Алиппени окутууга карата методикалык көрсөтмө (Фрунзе, 1985-ж.), Ж.Энтериев “Окуу жана таза жазуу” (Ат-Башы кыштагы, 1989) аттуу эмгектеринде жазуу жана кеп өстүрүү жумуштарынын илимий практикалык проблемаларын бир топ деңгээлде чечмелеп беришкен. Орус методисти В.В.Воропкова да «Обучение грамоте и правописание в I-IV классах вспомогательной школы» деген эмгегинде окуучунун жазуу сабаттуулугун калыптандыруу боюнча өзүнүн баалуу пикирлерин айткан.

Тарыхтан белгилүү болгондой К. Тыныстанов, И. Арабаев, С. Нааматовдордон кийин эле башталгыч класстарда жазуу жумуштарын жүргүзүүнүн методикасына М. Жаныбаев да бир топ эмгек сиңирген. Мисалы, анын бул маселе боюнча 1-2-3-класстары үчүн “Таза жазуу үчүн көнүгүүлөр” деген методикалык жактан ошол мезгилдин талабына ылайык жеткиликтүү иштелип чыккан эмгеги буга далил боло алат. Автор жогоруда аталган эмгегинде жазуу - адамдардын катышуудагы куралы экендигин, ошону менен бирге эле ал

адамдардын ой-пикирин, көз карашын билдиргендиктен таза, так даана жазуунун мааниси чоң экендигин баса белгилеп көрсөткөн. [5, 3-7]

Ар бир тамганын элементтерин көрсөтүп, аны жазуу жумушун кандай жүргүзүү керек, жазуу куралдарын бирден санап өтүп алардын маанисин ачып берген, кандай колдонуу технологиясын белгилеп өткөн. Ошондой эле окуучулардын отурган орундуктарына коюлган талаптарга чейин токтолгон. Андан көп өтпөй эле 1965-жылы профессор К. Сартбаевдин "Башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуунун методикасы" эмгеги жарык көрүп, анда жазуу ишиндеги негизги көңүл бурула турган жагдай – бул окуучунун алгач тамганын элементтерин туура, так, сулуу жазууга андан ары карай жазуу процессин автоматташтыруу, башкача айтканда, кандай жолдор менен жазуу зарыл экендигин көрсөтүп берет. 1978-жылы чыккан ушул эле аталыштагы эмгегинде да айрым методикалык көрсөтмөлөр өзгөртүлүп, кайрадан иштелген формада берилип келип, тексттер менен иштөөдө жазуу ишмердүүлүгүнө басым жасайт. Анда балдардын тамгаларды сулуу, так, даана жазуусу үчүн бир-эки жолу гана жазуу менен чектелүүгө болбой тургандыгын айтат. Анда белгиленгендей тамгаларды сулуу жазууга балдарды үйрөтүүчү көнүгүүлөр, машыгуулар системалуу түрдө сөзсүз жүргүзүлүшү керек. Тамгаларды жазабы, сөздөрдү жазабы анын маанисин түшүнүп, кайсыл тамганын элементтерин жазып жаткандыктарын аңдап билип турушуна жетишүү зарыл маселелерден, - деп бас белгилеп кеткен. [1, 17-23]

Мындай болгон соң жазуу дептерлерине коюлган талаптар да өз ордунда так жана ачык белгиленген. Анда белгиленгендей жазуу дептерлери эн биринчи сырткы көрүнүшү боюнча өзгөчөлөнөт, башкача айтканда ал аркылуу окуучунун жана мугалимдин иштөө сапатын байкоого болорун айтат. Дептерди кармоонун жоопкерчилигин эмгекке тарбиялоонун бир каражаты катары кароого болорун белгилейт. Жазуу дептерине коюлуучу бир нече талаптарды белгилеп келип, жазуунун тактыгына окуучу эле эмес мугалимдин да жопкерчилиги жогору экендигин айтат. Учурда жазуу дептерлеринин кандайча колдонулуп жаткандыгын жана алардын пайдалануу ыкмаларын сунуштайт. Окумуштуунун бул багытта жүргүзгөн изилдөөлөрү окутуп үйрөтүү процессине өз салымын кошуп келет. Анын 1968-жылы жарык көргөн "Кыргыз башталгыч класстарында сабактын эффективдүүлүгүн көтөрөлү" аталышындагы жыйнакка кирген "Башталгыч класстарда окуучулардын орфографиялык сабаттуулугун көтөрүүнүн кээ бир маселелери жөнүндө" аттуу илимий макаласында жазуу иши жалаң эле тамгаларды элементи менен таза, даана, сулуу жазуу эле эмес, жазуу жумушунда туура сабаттуу жазуу да маанилүү экендигин айтып кетет. Ошондон улам окуучулардын орфографиялык сабатын арттыруудан мурда, алардын тыбыштарды, сөздөрдү туура айтууга үйрөтө турган офоэпиялык сабаттуулугунун деңгээлин байкоо менен ага үйрөтүү ишинен баштоо зарыл экендигин баса белгилеген. [4, 42-51]

Ошондуктан сабаттуу жазуу – бул окуучунун жазып жаткан сөзүнүн маанисин так чечмелей билүүсү. Буга карата жөнөкөй эле бир нече практикалык машыгуу жумуштарын сунуштап кетүүнү туура таптык. Мисалы, көчөлөрдөгү көрнөк жарнактарды, театр, дүкөндөрдүн, көчөлөрдүн аталыштарын окуу, алардын маанисин өз алдынча же болбосо ата-эненин жардамы менен чечмелей билүү, автоунаалардын номерлерин, тамгаларды үн чыгарып окуу ж.б.у.с. Мындай өз алдынча аракеттер жакшы натыйжа берери анык. Демек, окуучулардын оозеки кебиндеги кемчиликтер алардын жазуу ишмердүүлүгүнө жана анда калыптануучу көндүмдөргө терс таасирин тийгизбей койбойт. Бул жөнүндө орус окумуштуусу, академик Л. В. Щерба: "Орфография маселесин чечүү үчүн, адегенде

орфоэпия маселелерин чечүү керек” – деп абдан таамай айткан. Жазуу көнүмдөрүнө калыптандыруу бир топ машыгууларды кайталап жүргүзүүнүн натыйжасында гана ишке ашат. Алар жазуу процессинде өз алдынча жазганда айрым тоскоолдуктарга туш болушат. Балдардын интеллектуалдык деңгээлин жазуу сабатын жогорулатуу зарыл. Мындай маселелер өзүнө жараша көйгөйлөр менен толукталып келет. Алар: сөздү кандай укса ошондой жазуу, башка нерсеге окшоштуруп жазуу, жанылыш угуу менен жазуу, бирөөнүн ката ишин туурап көчүрүү жана башка ушул сыяктуу маселелер.

Учурда жазуу ишине астейдил көңүл бурулуп, бир топ окумуштуулар анын үстүндө жигердүү иштеп келишет.Профессор С. К. Рысбаев “Кенже мектеп окуучусунун өнүгүшү татаал процесс. Балдар бул курагында абдан дилгир болушат. Ушул курагында аларды окууга кызыктырууга мүмкүнчүлүктөр арбын,” - деген оюн айтып келип, алардын интеллектуалдык, социалдык, адептик сапаттары күн санап ыкчам калыптанарын, башталгыч класста окутуу жана жазуу бири-бири менен айкалышта жүргүзүлүшү баланын өнүгүшүнө оң таасирин тийгизерине токтолот. [6, 2013. 08.02.] Жазуу ишине коюлган талаптарга ылайык санитардык-гигиеналык талаптар толугу менен сакталуусу тийиш.

Жогорудагыдай маселелер К. Сартбаевдин 2013-жылы чыккан 10 томдук Тандалган эмгектин үчүнчү томдугунда окумуштуунун: «Мектеп босогосун жаңыдан гана аттап, билим алуу үчүн дегдеп келген жаш өспүрүмдөр үчүн мугалим чоң авторитетке ээ. Өзгөчө башталгыч класстын окуучуларын окуткан мугалимдер күн сайын балдар менен көп аралашуунун натыйжасында алардын жүрүш-турушун, ой-санаасын, эмнелерге кызыгаарын жакшы билүүгө толук мүмкүнчүлүктөрү бар. Башталгыч класстын окуучулары үчүн мугалимдин ар бир кылган иши, жасаган кыймылы, айткан сөзү, аткарган жумушу үлгү болууга тийиш» [3, 202] деген сөзү менен башталып, 1980-жылдын 5- декабрындагы «Кыргызстан пионери» газетасына жарыяланган «Окумуштуу Каратай Сартбаев – балдардын сүйүктүү кеңешчиси» макаласы окумуштуунун 50 жылдыгына арналган каалоолору берилет. Бул томдукка биз жогоруда сөз кылган 6 жашар балдар үчүн түзүлгөн «Алиппенин» (1993) толукталган варианты сунушталган. Анда белгиленгендей ар бир жаңы темага карата материалдардын үстүндө иштөөдө жазуу ишине карата Туура жазгыла! деген көрсөтмө берилип барган. Андан ары ушул окуулук боюнча түзүлгөн К.Сартбаев авторлош болгон «Жазуу дептери» (1990) сунушталган. Жазуу дептеринде эң алгач баланы жазууга даярдоого карата сүрөттөр берилип, аларды боёо, тамгалардын элементтерин чагылдырган таякчалардын үлгүлөрүн жазууга карата мисалдар, алар менен иштөө тапшырмалары каралган. Сүрөттөрдү боёо, ал сүрөт боюнча муун түзүү боюнча тапшырмалар менен иштөө берилген. Окуучу бул сөздөрдөн үндүү, үнсүз сөздөрдүн астын сызып белгилейт жана алардын тыбыштык өзгөчөлүгү боюнча айра таанууга машыгышат.

Андан ары ар бир тамганын мазмунуна, башкача айтканда элементтеринин татаалдык түзүлүшүнө карата пландаштырылган. Тапшырмалар жеңилден оорго карай берилген, т.а. эң алгач тамга, аларга карата мисалдар, машыгуучу овал түрүндөгү сызыкчалар, андан ары бир муундуу сөздөр, баш жана кичине тамгаларды жазуу, сүйлөмдү толуктоо, бир сүйлөм жазуу, жаңы тамга катышкан сөздөрдү көчүрүү, сүйлөмдүн аягына тыныш белгилерин коюуга машыгуу, аларды ажыратуу, сүйлөм баш тамга менен башталып, аягына тыныш белгилери коюлушун, ыр түрүндөгү текстти көчүрүү, көлөмдүү текстти жазууну үйрөтүүгө карата тапшырмалар сунушталып, мындай жумуштарды аткаруу аркылуу баланын жазуу ишмердүүлүгүн калыптандыруу башкы маселе катары каралат. [7, 288]

Тандалган эмгектин 9-томдугу окумуштуунун илимий негиздеги 8 макаласы менен толукталган. Макалалардын мазмуну окумуштуунун жеке изилдөө объектисине айланган эне тили жана анын тарыхый изилдениши, келечектеги орду, кийинки муундар үчүн аткара турган милдет максттары, тилдик каражат катары кызматы сыяктуу маселелерди чечүүгө арналган.

[8, 230]

Жыйынтыгында К. Сартбаевдин жазуу ишине арналган эмгектеринин баалуулугу бүгүнкү күндө көйгөйгө айланган жазуу жумуштарын жөнгө салуучу технологияларды жана айрым педагогикалык көрсөтмөлөрдү иштеп чыгып сунуштап жаткандыгында. Автор башталгыч класс окуучуларынын бардык иш аракеттерине анын ичинде жазуу ишине өзүнчө кайрылган окумуштуу катары педагогикада өзүнчө орду бар инсан экендигин баса белгилегим келет. Ал эми жазуу ишин жакшыртуу жана аны жолго коюу маселелерин андан ары тереңдетип изилдөө келечектин иши экендиги талашсыз.

***Адабияттар***


1. Бердибаев Э., Рысбекова Б., Сартбаев К. Башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуунун методикасы. - Фрунзе, 1978-ж. -189 б.

2. Ибраимов С., Тил илиминин негиздери, Б.: “Раритет Инфо”,2000. -202б.

3. Известия вузов кыргызстана № 7, 2016 –202 б.

4. Кыргыз башталгыч класстарында сабактын эффективдүүлүгүн көтөрөлү. - Фрунзе, 1968-ж., -129 б.

5. М. Жаныбаев Таза жазуу үчүн көнүгүүлөр. (башталгыч класстын 1-2-3-класстары үчүн) –Ф., “Кыргызманбас”. 1953, -141 б.

6. Рысбаев С.К., “Башталгыч класстар”. Кутбилим, 2013. 08.02.

7. Сартбаев К., Акунова А., Мураталиева А. Башталгыч мектепте кыргыз тилин окутуунун методикасы. –Б., 2013, -425 б.

8. Сартбаев К. Тандалган эмгектер. 9-том, -Б., “Айат”, 2013. – 230 б.

9. Элмуратова З. “Алиппеден кийинки мезгилде окуучулардын жазуу ишмердүүлүгүн өнүктүрүүнүн методдору”, // И. Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы, Атайын чыгарылыш
№2.- 111-115 бб.